# МААЛЫМАТ
## 03-009-2021-007758 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши боюнча

2021-жылдын 31-октябрында, болжол менен кечки саат 22:30чамаларында, Сокулук РИИБнүн нөөмөт бөлүмүнө, маалымат келип түшүп, анда Сокулук РИИБнүн жетекчисине Сокулук РИИБнүн ЭММКАКнын ыкчам кызматкери милициянын улук лейтенант Р.Мамакеев кайрылган билдирме менен, себеби Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине бир мандаттуу шайлоо округунан талапкер Э.Аширбаев, Белек айылынын элине тамак уюштуруп берип жаткандыгы жөнүндө маалымат келип тушкөн.

Ошол эле күнү Сокулук РИИБнүн тергөө кызматы тарабынан окуя болгон жерге чыгып, маалыматты аныкташ үчүн Сокулук районуна караштуу Белек айылынын тургундарынын бардыгы күбө катарында сурак беришкен, анда Белек айылынын тургундары чынында эле 2021-жылдын 30-октябрында болжолу менен саат 12:00 чамаларында, Белек айылынын мектебинде жыйылуу болуп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешке талапкерлигин коюп жаткан, Э.Аширбаев менен жолугушуп, депутаттыка талапкер болгон Э.Аширбаев өзүнүн Кыргыз Республикасына салымы тие турган программалары менен тааныштырып, элдин батасын алып жана эч кандай айылга тамак бербей кеткендиги жөнүндө көрсөтмө беришкен.

02.11.2021-жылы соттук өндүрүш иши боюнча күбө катарында Э.Аширбаев өзүнүн сурак протоколунда "*2021-жылдын 30-октябрында болжолу менен саат 12:00 чамаларында, Сокулук районуна караштуу Белек айылында, эч жыйылышын өткөрүп, 50-60 киши чогулган сон, өзүнүн Кыргыз Республикасына кошо турган программалары менен тааныштырып жана элдин суроолоруна жооп берип, элдин батасын алып тарап кеткендигин, андан тышкары эч кимге эч кандай тамак берүү болгон эмес-*деп көрсөткөн.

***05.11.2021-жылы КРнын ЖПКнын 26-бер. 1б. 2п. менен кыскартылган.***

***11.11.21-жылы тергөөчүнүн чечими прокуратура тарабынан жокко чыгырылган, себеби 31.10.21-жылы тамак берүү фактысы болгондугу жана бул тууралуу Чүй облусу боюнча УКМда видео-тасма бар экендиги негиз болгон.***

***Териштирүү учурунда Сокулук р-н Белек айылында Э.Ашырбаев эл менен жолугушуу болгон күнү Сагыналиев Мелис Орозбекович иниси Сагыналиев Чоробектин каза болгондугуна байланыштуу 1 жылдык аш өткөргөндүгү жана ал жерге Э.Ашырбаевдин барбагандыгы аныкталган.***

***24 жаран суракка алынып, үгүттөө иши болбогондугу аныкталган.***

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине 2021-жылдын 16-ноябрында 10/9319 чыгыш саны менен маалыматты тактоо жолдомосу жиберилип, ошол эле күнү 02-19/2248 кириш саны менен болгон маалыматтарын Сокулук Округдук шайлоо комиссиясына жиберилгендиги жөнүндө маалымат келип түшкөн. 2021-жылдын 18-

ноябрында маалыматты тактоо үчүн Сокулук Округунун шайлоо комиссиясына жолдомо жиберилип, анда интернет социалдык түйүнүнүн «Whats App» аркылуу маалыматтарды каралып жаткан сотко чейинки ондуруш ишине тиркөө учун жиберишкенин билдирген. ***«WhatsApp» жиберилген сүрөттөрдө дептутаттыкка талапкер Э. Аширбаевдин, Ч.Сагыналиевдин үйүндө тамактануу учурунда анын жок экени аныкталган.***

19.11.2021-жылы Сокулук РИИБнүн тергөө кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын ЖКнын *192-бер. 1-бөл. көрсөтүлгөн, "шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды төлөп берүү, же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга өбөлгө түзүү жолу менен шайлоочуларды сатып алуу" фактысы аныкталган эмес* жана ошондой эле ал жерде депутаттыка талапкер Э.Аширбаевдин программасы менен таанышуу жана элдер менен баарлашуу тынч жыйналышы өткөндүгү аныкталган, ошол себептен аталган фактыда кылмыш курамы жок болгондугуна байланыштуу, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 26-бер. 1-бөл. 2-пун. жана 248-249 бер. негизинде сотко чейинки өндүрүш иши кыскартылган.

**Чүй ОИИББнЫн тергөө кызматы**